| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 27 - августу, № 14/1 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетине киреше салыгынан кошумча түшкөн каражатты 2026-жылдын бюджетине, анын атайын төлөм каражаттар беренесине кошуу менен жыл аягына чейин чыгымдоого макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 2-главасынын 27-"Жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу жөнүндөгү" беренесине жана "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин" VI бөлүмүнүн 9-главасынын 47-беренесинин 1-пунктуна Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-бюджеттик жылда киреше салыгынан кошумча түшкөн каражаттары тууралуу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошованын маалыматын, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетине киреше салыгынан түшкөн 6 177 500 (алты миллион бир жүз жетимиш жети миң 500) сом жана айылдардын башкы пландарын жасатууга кошумча бөлүнгөн 6 440 900 (алты миллион төрт жүз кырк миң тогуз жүз) сом, жалпы **12 618 400 (он эки миллион алты жүз он сегиз миң төрт жүз))** сом акча каражатын тиркемеге ылайык төмөндөгү зарыл деп эсептелген жумуштарды аткаруу үчүн чыгымдоого макулдук берилсин.

2.Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

3.Бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

Тиркеме 1 (бир) баракта.

**Төрага** **А.Мойдунов**

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кенешинин 27.08.2026-жылдагы № 14/1 токтомуна тиркеме**

2026-жылдын бюджетине төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү

(миң сом)

| № | тармак | глава | параграф | бере не | өзгөртүүлөр | | анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | көбөй түлөт | азайт ылат | I кв | II кв | III кв | IV кв |
| 1 | Аппарат | 701 | 2211 | - | 54,0 | - | - | - | 54,0 | - |
| 2 | Аппарат | 701 | 2824 | - | 62,0 | - | - | - | 62,0 | - |
| 3 | А/чарба | 704 | 2215 | - | 114,0 | - | - | - | 114,0 | - |
| 4 | ЖКХ | 706 | 2215 | - | 1454,0 | - | - | - | 1454,0 | - |
| 5 | ЖКХ | 706 | 2222 | - | 197,7 | - | - | - | 197,7 | - |
| 6 | ЖКХ | 706 | 3111 | - | 477,0 | - | - | - | 477,0 | - |
| 7 | ЖКХ | 706 | 2231 | - | 100,0 | - | - | - | 100,0 | - |
| 8 | ЖКХ | 706 | 2511 | - | 500,0 | - | - | - | 500,0 | - |
| 9 | Клуб | 708 | 2215 | - | 350,0 | - | - | - | 350,0 | - |
| 10 | Дет.сад | 709 | 3111 | - | 783,8 | - | - | - | 783,8 | - |
| 11 | НПШ | 709 | 2215 | - | 130,0 | - | - | - | 130,0 | - |
| 12 | НПШ | 709 | 2222 | - | 55,0 | - | - | - | 55,0 | - |
| 13 | СШ | 709 | 2215 | - | 400,0 | - | - | - | 400,0 | - |
| 14 | СШ | 709 | 3111 | - | 1200,0 | - | - | - | 1200,0 | - |
| 15 | Соц.защита | 710 | 2224 | - | 300,0 | - | - | - | 300,0 | - |
| | | | | | | | | | | |
| | **Бардыгы:** | | | **-** | **6 177,5** | **-** | **-** | **-** | **6177,5** | **-** |
| | | | | | | | | | | |
| 1 | ЖКХ | 706 | 2215,0 | - | 6 440,9 | - | - | - | 6 440,9 | - |
| | | | | | | | | | | |
| | **Жалпы сумма:** | | | **-** | **12 618,4** | **-** | **-** | **-** | **12 618,4** | **-** |
| | | | | | | | | | | |

Катчы С.Осмоналиев